2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы: 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди). – Көрүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ky-kg;
3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы №106 Мыйзамы. – Көрүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112437?cl=ky-kg;
4. Рахманов А.Р. Парламент и парламентские фракции Кыргызской Республики в эпоху цифровой трансформации: правовые аспекты вопроса // Актуальные проблемы науки и практики: Гатчинские чтения – 2021: в 2 т.: сборник научных трудов по материалам VIII международной научно-практической конференции (г. Гатчина, 21-22 мая 2021 г.) [под общ. ред. В.Р. Ковалева, Т.О. Бозиева]. – Гатчина: Изд-во ГИЭФПТ, 2021. Т. 1, с. 44-48.
5. Рахманов А.Р. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик фракцияларынын ишмердүүлүктөрүнүн конституциялык-укуктук анализи: юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефераты: 12.00.02. – Бишкек, 2023, 28-б.
6. Лихачев С.А. Участие депутатов Государственной Думы Федерального Собрания Российской Федерации в законодательном процессе: дисс. ... канд. юрид. наук. – Москва, 2003, с. 162.
7. Чиркин В.Е. Конституционное право: Россия и зарубежный опыт: Учебник. – Москва, 1998, с. 364.
8. Карыпов Б.К. Роль юридической ответственности как средства повышения уровня правового сознания в демократических режимах // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 96-100.

УДК 342.533 (575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-141-146

**Рахманов А.Р.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Рахманов А.Р.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Rakhmanov A.R.**
KNU named after J. Balasagyn

# МАМЛЕКЕТ БАШЧЫСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК МАКАМЫ: АТА-МЕКЕНДИК ЖАНА ЧЕТ ЭЛДИК ТАЖРЫЙБАНЫН САЛЫШТЫРМАЛУУ-УКУКТУК АНАЛИЗИ

# КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВОЙ СТАТУС ГЛАВЫ ГОСУДАРСТВА:СРАВНИТЕЛЬНО-ПРАВОВОЙ АНАЛИЗ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ И ЗАРУБЕЖНОЙ ПРАКТИКИ

# CONSTITUTIONAL AND LEGAL STATUS OF THE HEAD OF STATE: COMPARATIVE LEGAL ANALYSIS OF DOMESTIC AND FOREIGN PRACTICE

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргыз Республикасындагы 2021-жылы орун алган кезектеги конституциялык реформадан кийинки мамлекет башчысынын конституциялык-укуктук макамы каралат. Аткаруу бийлигинин башында туруу сыяктуу президенттик ыйгарым укуктардагы олуттуу жаңычылдыктар, алардын конституцияда каралган мөөнөтүнүн жана бул кызматты ээлөөгө байланыштуу болгон айрым чектөөлөрдүн өзгөрүүсү жакынкы чет өлкөлөрдүн тажрыйбаларынын мисалдары менен салыштырмалуу-укуктук анализге алынып, бул жаатта ата-мекендик тажрыйбаны жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар берилет.

**Аннотация:** В статье рассматривается конституционно-правовой статус главы государства после очередной конституционной реформы в Кыргызской Республике в 2021 году. Существенные новации президентских полномочий, такие как возглавление исполнительной власти, изменение конституционного срока и некоторые ограничения, связанные с занятием этой должности, сопоставляются с примерами опыта стран ближнего зарубежья, а также даются практические рекомендации по совершенствованию отечественного опыта в данной области.

**Abstract:** The article examines the constitutional and legal status of the head of state after the next constitutional reform in the Kyrgyz Republic in 2021. Significant innovations of presidential powers, such as heading the executive branch, changing their constitutional term and some restrictions associated with holding this position, are compared with examples of the experience of neighboring countries, and practical recommendations are given for improving domestic experience in this area.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы; мамлекет башчысы; Конституция; макам; ыйгарым укуктар; реформа.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика; глава государства; Конституция; статус; полномочия; реформа.

**Keywords:** Kyrgyz Republic; head of state; Constitution; status; powers; reform.

Кыргыз Республикасынын 1991-жылы көз карандысыздыкка ээ болуусу жана 1993-жылы өзүнүн туңгуч Конституциясын кабыл алуусу мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлик бутактарына бөлүштүрүү менен эгемен, укуктук жана демократиялык мамлекет куруу үчүн саясий-укуктук негиз болуп берген [1, 152-б.].

Белгиленген мезгилден тарта салыштырмалуу анчейин көп деле убакыт өтпөгөндүгүнө карабастан, ал ортодо өлкөнүн Конституциясына 11 жолу өзгөртүү киргизилип, анын тогузу конституциялык реформа менен аяктаган. Конституциялык реформалар, адатта, ыйгарым укуктарды кайрадан карап чыгуу менен байланышта болуп, алардын натыйжасында жогорку мамлекеттик органдардын бийликтерди бөлүштүрүү тутумундагы ордунун жана ролунун олуттуу өзгөрүүсү орун алып келген.

Конституцияны түзөтүүгө байланыштуу процесстер мамлекет башчысынын конституциялык-укуктук макамына дагы түздөн-түз таасир берип келген. Маселен, өлкөнүн 1993-жылдагы Конституциясы жана ага андан кийинки киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор, негизинен, мамлекет башчысынын макамын бекемдеп, анын ыйгарым укуктарын кеңейтүүгө байланыштуу болгон. 2010-жылдагы Конституциясы болсо, тетирисинче, Президенттин укуктарын чектөөгө жана парламентаризмге бет алууга багытталган. Ал эми аракеттеги 2021-жылы кабыл алынган Конституция өлкөнү толук

кандуу президенттик башкаруу формасына өткөрүп, мамлекет башчысынын абалын кыйла бекемдеди. Ошону менен, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Президентинин конституциялык-укуктук макамын илимий жактан талдоого алуу жана аны чет элдик тажрыйба менен салыштыруу маселеси саясий-укуктук чоң актуалдуулукка ээ.

Маалым болгондой, президент институту эң алгач Америка Кошмо Штаттарынын 1787-жылдагы Конституциясында өзүнүн ченемдик укуктук бекитүүсүнө ээ болгон. Тактап айтканда, дал ушул мезгилди жана дал ушул мамлекетти каралып жаткан институттун мекени деп айтууга болот. Этимологиялык келип чыгуусу боюнча латын тилинин “Praesidens” деген сөзүнө байланыштуу жана биздин тилге которгондо “алдыда олтуруучу” дегенди билдирет.

Кыргызстанда президент институтунун салыштырмалуу кыска тарыхы бар. Маселен, Кыргыз ССРнин XII чакырылыштагы Жогорку Совети тарабынан 1990-жылдын 24-октябрындагы кабыл алынган №222-XII “Кыргыз ССРнин Президенти кызматын негиздөө жана Кыргыз ССРнин Конституциясына (Негизги Мыйзамына) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү” Кыргыз ССРнин Мыйзамына ылайык, өлкөдө президент институту пайда болгон. Жогоруда аталган Мыйзамда, Кыргыз ССРнин биринчи Президенти Жогорку Совет тарабынан жашыруун добуш берүү аркылуу 5 жылга шайланат деп бекитилген. Ага ылайык, 1990-жылдын 27-октябрында А.А. Акаев Кыргыз ССРнин Президенти болуп шайланган [2, 280-б.]. Бул дата – өлкөдөгү президент институтунун өнүгүүсүнүн башталгыч чекити.

Заманбап мааниде Президент – бул түздөн-түз эл же болбосо жогорку өкүлчүлүктүү орган тарабынан белгилүү мөөнөткө шайлануучу мамлекет башчысы. Анын ыйгарым укуктарынын айланаса жана макамы өлкөнүн Конституциясы жана мыйзамдары менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Президент – мамлекеттин башчысы, өлкөдөгү эң жогорку кызмат адамы жана аткаруу бийлигинин жетекчиси катары аныкталат. Ал элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин камсыздайт, Конституциянын жана инсандын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиги болуп саналат (66-берене) [3].

Мамлекет башчысын аткаруу бийлигинин жетекчиси катары бекитүү, ал анын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары үчүн жеке өзү жооп берет дегенди билдирет (Конституциянын 89-беренесинин 5-бөлүгүнүн жобосу). Биздин көз карашыбызда, белгиленген конституциялык ченем Президенттин аткаруу бийлигин жетектөөсүнүн “америкалык моделин” божомолдойт жана жоопкерчиликти бөлүшүүчү кандайдыр бир кошумча кызмат адамын (же өзүнчө органдын) түзүүнүн зарылчылыгын жаратпайт. Башкача атйканда, аткаруу бийлигинин жамааттык жогорку органы болгон Министрлер Кабинетинин башында мамлекет башчысы өзү турушу керек.

Бирок ата-мекендик тажрыйба өлкөнүн Конституциясында божомолдогон моделден жана дүйнөлүк тажрыйбадан айырмаланып турат. Тагырагы, бизде мамлекет башчысынын Администрациясын жетектөө менен катар Министрлер Кабинетине дагы төрагалык кылуучу кызмат орун каралган. Кыргыз окумуштуусу А.С. Карабаева белгилегендей, Кыргызстандагы президенттик бийлик өзүндө президент институтунун классикалык моделдеринин ар кандай белгилерин айкалыштырат [4, 58-б.]. Биз мындай тажрыйбаны ашыкча жана орунсуз деп эсептейбиз.

Көрсөтүлгөн “гибриддик” моделди колдонуу тажрыйбасы айрым коңшу мамлекеттерде дагы орун алгандыгын адилеттүүлүк үчүн белгилей кетүү керек. Маселен, Азербайджан, Түркменистан жана Таджикистан республикаларында деле биздин тажрыйбага тектеш модель колдонулат [5, 60-б.].

Конституция боюнча Кыргызстанда мамлекет башчысы өлкө жарандары тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланат жана бир эле адам бул кызматка эки мөөнөттөн ашык шайлана албайт деп бекитилген (67-берене). Президенттин ыйгарым укуктарынын көрсөтүлгөн конституциялык мөөнөтү жана аны ээлөө мүмкүнчүлүгү 2021-жылдагы конституциялык реформадан кийин бекитилгендигин да белгилей кетүү зарыл. Ага чейин өлкөдө 6 жылга шайлануучу “бир президент – бир мөөнөт” принциби иштеп келген.

Тарыхы жана укуктук тутуму боюнча Кыргызстанга жакын болгон постсоветтик республикалардагы тажрыйбаны анализдей турган болсок, бул өлкөлөрдө президенттик ыйгарым укуктардын мөөнөтүнүн узактыгы боюнча ар башкача талаптар каралгандыгын байкоого болот. Мисалы, Молдовадагы эң минималдык 4 жылдан тарта Азербайджан, Таджикистан, Түркменистан, Казахстан жана Армениядагы эң максималдуу 7 жылдык мөөнөткө чейин. Беларусия, Өзбекстан жана Украинада 5 жыл түрүндөгү орто көрсөткүч бекитилген. Россияда болсо мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары 6 жылга созулат.

Бирок, бул көрсөткүчтөр кайсыл бир адам мамлекет башчысынын кызмат ордун жогоруда белгиленген жылдар аралыгында гана ээлей алат дегенди билдирбейт. Себеби каралып жаткан өлкөлөрдүн дээрлик бардыгында кайра шайлануу мүмкүнчүлүгү Конституция менен каралган. Кыргызстанда, буга чейин белгиленгендей, бир адам эки жолу мамлекет башчысынын кызмат ордун ээлесе болот. Айрым өлкөлөрдө бир эле адамдын президенттин кызмат ордунда болуусунун узактыгы боюнча эч кандай чектөөлөр коюлган эмес. Мындай өлкөлөргө постсоветтик чөлкөмдө Азербайджан менен Түркменистан кирет.

Таджикистанда болсо бир эле адам Президенттик кызматка катары менен эки мөөнөттөн ашык шайланса болбойт деген ченем Конституция менен орнотулган. Бирок бул чектөө мамлекеттин аракеттеги башчысы Э. Рахмонго карата колдонулбайт, себеби “Тынчтыктын жана улуттук биримдиктин негиздөөчүсү – Улут лидери” катары анын макамы өзгөчө конституциялык мыйзам менен жөнгө салынган. 2022-жылдагы конституциялык реформага чейин Казахстан Республикасында дагы ушундай эле тажрыйба колдонулуп келген – президенттик мөөнөттөрдү чектөөчү конституциялык ченем өлкөнүн Биринчи Президенти Н.А. Назарбаевге карата иштеген эмес.

Постсоветтик өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө болсо “бир президент – эки мөөнөт” деген принцип колдонулат. Мисалы, Өзбекстан, Украина, Молдова жана 2020-жылдагы конституциялык реформадан кийин Россия дал ушул принцип менен иш алып барышууда. Белгилей кетүүчү жагдай, бир адамдын мамлекет башындагы ыйгарым укуктарын эки мөөнөттөн ашырбоочу чектөө жалпы дүйнөлүк тажрыйбада дагы эң бир кеңири колдонулат [5, 62-б.].

Жогоруда биз караган өлкөлөрдөн айырмаланып Армения менен Казахстанда бир адам Президент болуп бир жолу гана шайланат деген катаал чектөө иштейт. 2021-жылдагы кезектеги конституциялык реформага чейин Кыргызстанда дагы ушундай чектөө колдонулуп келген.

Демек, акыркы убактарда мамлекет башчысынын кызматына кайрадан шайлануу мүмкүнчүлүгүнүн конституциялык чектөөлөрү күчөп жаткандыгын белгилөөгө болот. Биздин көз карашыбыз боюнча, мындай тажрыйбаны оң тенденция катары баалоого болот

жана каралып жаткан институтту бекемдөө үчүн аны андан ары да жеткире иштеп чыгуу боюнча аракеттерди көрүү максаттуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 68-беренесинин жоболоруна ылайык, 35 жашка толгон жаран мамлекет башчысы болуп шайлана алат. Байкалып тургандай, Президентке карата колдонулуучу жаш-курактык цензин төмөнкү чеги гана орнотулуп, жогорку чеги каралбай калган. Мындан улам, жогоруда талдоого алынган президенттик мөөнөттөрдүн чектелишин конституциялык реформа аркылуу басып өтүү мүмкүнчүлүгүн алдын алуу, ошондой эле өлкөдөгү эң жогорку кызмат ордуна турмуштук жигердүүлүгүнүн деңгээли жогору адамдын келишин камсыздоо максатында мамлекет башчысы болуучу адамдын жаш-курагынын жогорку чегин конституциялык ченем менен так көрсөтүү маанилүү деп эсептейбиз.

Айтылган сунушту ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын 2010-жылдагы Конституциясынын 62-беренеси [6] менен орнотулган тажрыйбага кайра кайтып келүү жана мамлекет башчысына карата коюлуучу жаш-курактык талапты 35-70 жаштын ортосунда деп көрсөтүү туура болот.

Ошону менен, мамлекет башчысынын конституциялык-укуктук макамы боюнча жүргүзүлгөн салыштырмалуу-укуктук анализдин жыйынтыгында кийинки негизги корутундулар келип чыгат.

*Биринчиден*, өзгөргөн башкаруу формасынын шарттарында мамлекет башчысынын жоопкерчилигин тактоо жана президенттик институтту бекемдөө максатында Конституцияда каралган Министрлер Кабинетинин Төрагасы кызмат ордун толугу менен жоюу жана аткаруу бийлигинин иши боюнча жоопкерчиликти толук бойдон Президентке өткөрүп берүү зарыл.

*Экинчиден*, Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган президенттик ыйгарым укуктардын мөөнөтү жана бул кызматты ээлөө мүмкүнчүлүгү боюнча чектөөлөр жалпы дүйнөлүк тенденцияларга жооп берет жана өлкөнүн өнүгүүсүнүн учурдагы шарттарында оптималдуу.

*Үчүнчүдөн*, мамлекет башчысынын кызмат ордун ээлеген адамга карата коюлган жаш-курактык цензин эң жогорку чегин Конституцияда так көрсөтүү максаттуу болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Аманалиев У.О., Рахманов А.Р. Институционализация и конституционализация фракций политических партий в Жогорку Кенеше Кыргызской Республикив // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета, 2021. Т. 21, №3, с. 151-156.

2. Аманалиев У.О. Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу: Окуу китеп. – Бишкек: “ДЭМИ”, 2023, 430-б.

3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы: 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди). – Көрүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ky-kg;

4. Карыбаева А.С. Конституционно-правовой статус Президента Кыргызской Республики // Современные проблемы гуманитарных и естественных наук: материалы XXXII международной научно-практической конференции, Москва, 29 декабря 2016 года / Научно-информационный издательский центр "Институт стратегических исследований". – Москва:

Научно-информационный издательский центр "Институт стратегических исследований", 2016, с. 58-62.
5. Нечкин А.В. Глава государства в странах Содружества Независимых Государств (сравнительное конституционно-правовое исследование): дисс. ... док. юрид. наук. – Екатеринбург, 2023, с. 468.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы: 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди). – Көрүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/202913/edition/1137334/kg.
7. Мавланова А.Б. Принцип демократии как основа становления правового государства в Кыргызской Републике // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с.100-103.

УДК 342.413
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-146-149

**Султамбаева А.М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**Султамбаева А.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Sultambaeva A.M.**
KNU named after J. Balasagyn

ORCID: 0009-0009-3471-6561

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ТАРЫХЫЙ ЭТАПТАРЫ (1929-1937 ж.)
## ИСТОРИЧЕСКИЕ ЭТАПЫ РАЗВИТИЯ КОНСТИТУЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (1929-1937 гг.)
## HISTORICAL STAGES OF DEVELOPMENT OF THE CONSTITUTION OF THE KYRGYZ REPUBLIC (1929-1937)

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1917-жылдан 1937-жылга чейинки өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары каралат. Совет бийлигинин орношунун алгачкы жылдарында Совет мамлекетинин социалдык, экономикалык жана мамлекеттик саясатынын негизги принциптерин жана багыттарын аныктоонун негизги конституциялык маселелери чечилген макалада АССР Конституциясынын, Кыргыз ССРинин Конституциясынын негизги жоболору каралат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются исторические этапы развития Конституции Кыргызской Республики начиная с 1917 по 1937 год. В первые годы установления советской власти решались основные конституционные вопросы определения основных принципов и направлений социальной, экономической и государственной политики советского государства. В статье рассмотрены основные положения Конституции АССР, Конституции Киргизской ССР.